"Апакем"

Сөзү: Асанбекова Лариса Шейшеналиевна

Обону: Нарынбаев Руслан Акжолтоевич

Апакебай, майрамыңыз кут болсун,

Ушул күнү үйүңүзгө кут толсун!

Балдарыңыз чогуу болуп сиз менен,

Дасторкондо дүйүм-тамак бүт болсун.

Кайырма:

Жаныңызга тирек болуп атабыз,

Оорубаңыз, дагы көпкө жашаңыз.

Урмат-сыйын неберенин көргүлө,

Баарыбызга тийсин сиздин батаңыз!

Бүт тарттыңар жаш кезекте мээнетти,

Көргүлө эми карыганда дөөлөттү.

Көрбөгүлө жамандыгын балдардын,

Капа кылып, көңүлдөрдү чөгөртчү.

Кайырма:

Тынчтык болсун элибизде ар дайым,

Эл ичинде силер аман болгула.

Кызыңардын арзыбаган каалоосун,

Аз да болсо кабыл алып койгула.

Кайырма: